# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясы

www.kmka.kg

## 2023-жылында Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясында аткарылган иштер

Станбаев Озгонбай Тиллабаевич

# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын төрагасы кайрадан шайланды

2023-жыл 27-январь күнү Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын жалпы жыйыны болду. Жыйында төрага Ө.Т.Станбаев 2018-2023-жылдарга карата 5 жылдык отчетун берди. Отчет канааттандырарлык деп табылды жана КМКАнын 2023-жылга карата иш планы, стратегиялык планы жана жоболор талкууланып, бекитилди.


КМКАнын төрагасына Ө.Т.Станбаев кайрадан көпчүлүктүн сунушу менен көрсөтүлүп, 1 добуштан шайланды.





# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын төрагасы кайрадан шайланды

КМКАнын патенциалын жана ишмердүүлугун баалоонун жыйынтыгы боюнча "Гражданское участие" коомдук фонду маалымат берди.




# “Медициналык билим берүү уюмдарынын клиникалык базалар менен өз ара аракеттенүүсүн жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө” багыттоочу кеңешме



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
САЛАМАТТЫК САКТОО
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ЗДРАВООХРАНЕНИЯ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**

**ПРИКАЗ**

09.02.2023 № 108

Бишкек ш.
г.Бишкек

**О проведении ориентационного совещания «О мерах по улучшению взаимодействия медицинских образовательных организаций с клиническими базами»**

В целях усиления взаимодействия образовательных организаций с клиническими базами по качественной подготовке медицинских кадров, **приказываю:**

1. Провести на базе Центра развития здравоохранения и медицинских технологий (ЦРЗиМТ) ориентационное совещание «О мерах по улучшению взаимодействия медицинских образовательных организаций с клиническими базами» 10 февраля 2023 года.
2. Утвердить прилагаемые:
   - программу проведения совещания (приложение 1);
   - разнарядку участников совещания (приложение 2).
3. Директору ЦРЗиМТ (Алиев С.А.) обеспечить конференц-зал необходимым техническим оборудованием для проведения совещания.
4. Координаторам по здравоохранению Чуйской, Нарынской, Таласской, Жалал-Абадской, Баткенской, Ошской областей и г.Ош (Мамытова Б.К., Нарынбаев Ч.Н., Шамбетова А.Э., Орунбаева З.Ч., Борубеков А.К., Абдурахманов Ш.Т.), и.о. координатора Ысык-Кульской области (Акунова Ж.К.), руководителям медицинских образовательных/научных организаций, организаций здравоохранения, начальнику ГУЗ Мэрии г. Бишкек (Ибраимов А.С. - по согласованию) обеспечить участие на совещании согласно приложения 2 данного приказа.
5. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра Мамадалиева Т.А.

**Министр** **Г.М. Баатырова**

2023-жыл 10-февраль күнү Саламаттык сактоону өнүктүрүү жана медициналык технология борборунун базасында “Медициналык билим берүү уюмдарынын клиникалык базалар менен өз ара аракеттенүүсүн жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө” багыттоочу кеңешме өткөрүлөт. Кеңешме гибриттик форматта өткөрүлдү.

# Медайымдар үчүн чет өлкөдө квалификациялуу адис катары ишке орношуу мүмкүнчүлүгү

2023-жылдын 9-10-февраль күндөрү Кыргызстандагы медициналык колледждеринин Ассоциациясынын өкүлдөрү, медициналык колледждердин жетекчилиги, окутуучулук курамы, студенттери менен Германиядан келген делегациянын курамында иш берүүчү Мустафа Озал мырза, Бурул айым, проекттин координатору Гульжан Фриндт-Сайдилкан айым, Нурлан Мукаш мырза, ЖЧК "International Career Consulting" уюмунун директору Айнура Исакова айым жолугушууларды өткөрүштү. Жолугушууда эки тараптуу кызматташтык маселелери, Кыргызстандагы медколледждердин «Медициналык айым иш» адистиктеринин бүтүрүүчүлөрүн Германияда иш менен камсыздөө маселелери талкууланып, каралды. Натыйжада «Медайым» программасынын долбоору талкууланып, аны ишке ашыруу үчүн атайын тапшырмаларды аткаруу белгиленди, эки тараптуу колдоого алынды.
Иш берүүчүнүн талабына ылайык немец тилин билген, айдоочу медайымдарды чогуу даярдоо, ал даярдык үчүн иш берүүчүнүн инвестициясын натыйжалуу колдонуу максаты коюлду.

Максатка жараша КМКА жетекчилиги астында:

- кесиптик немец тили курстарын түзүү жана окутуу,
- эки өлкөнүн медайымдык билим берүү программаларын анализдеп,
- зарыл окуу китептери менен камсыздоо,
- окутуучуларды билим берүү багытында тажрыйба алмашуу иштерин уюштуруу,
- эл аралык укукка ээ болгон айдоочулук курстарын түзүү иштери боюнча

макулдашылды.

# “Окуутунун натыйжаларын баалоо”

2023-жыл 21-22-февраль күндөрү орто кесиптик билим берүүдөгү “Медициналык айым иши” адистиги боюнча эксперименталдык программаны ишке ашырып жаткан Бишкек, Нарын, Токмок медколледждери жана ОшМУнун Өзгөн эл арлык жана Ош медициналык колледжинин окутуучулары “Окуутунун натыйжаларын баалоо” боюнча семинар-тренинге катышышты.





# “Медициналык айым иши« адистигинин эксперменталдык программасы боюнча маалымат берилди



2023-жыл 21-22-февраль күндөрү орто кесиптик билим берүүдөгү “Медициналык айым иши” адистиги боюнча эксперименталдык программаны ишке ашырып жаткан Бишкек, Нарын, Токмок медколледждери жана ОшМУнун Өзгөн эл арлык жана Ош медициналык колледжинин окутуучулары “Окуутунун натыйжаларын баалоо” боюнча семинар-тренинге катышышты.

## MER долбоорунун Женевадагы кесиптештери Марина Джацино жана Кэтрин Циммерман менен бирге колледждерге болгон сапары



2023-жылдын март жана май айлары MER долбоорунун командасы Женевадагы кесиптештери Марина Гиачино жана Кэтрин Циммерман менен бирге Бишкек, Токмок жана Нарын медициналык колледждеринде жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде болушту. Кесиптештерибиз колледждердин жетекчилиги, окутуучулар жана студенттер менен жолугушууларды өткөрүштү.



**Колледждерге баруунун максаты** – “Медициналык айым иши” адистиги боюнча пилоттук программаны ишке ашыруу кандай жүрүп жатканын билүү, ошондой эле бул программага кабыл алынган студенттердин практикасы кандай жүрүп жатканын билүү.



# Араван "Дулдул-Тоо" колледжи аккредитациядан өтүүдө

2023-жылда Араван "Дулдул-Тоо" колледжи КМКАнын төрагасы Ө.Т.Станбаевдин төрагалыгы астында АООП агенствосу тарабынан эл аралык аккредитациядан өттү.






# Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын "Стратегиялык пландоосу"

Кыргызстандын медициналык колледждеринин ассоциациясынын ишмердүүлүгүн натыйжалуу пландаштыруу үчүн стратегиялык пландаштыруунун ыкмалары жана андан ары пайдалануу үчүн практикалык ыкмалар жөнүндө маалымат берүү максатында КМКА жана MER долбору "КМКАнын стратегиялык пландоосу" боюнча тренинг уюштурду. Тренинг 29-30-март күндөрү Бишкек шаарында өткөрүлдү жана ага КМКАнын мүчөлөрү катышты. "Гражданское согласие" уюмунун тренерлери Аида Курбанова жана Чолпон Акматова ассоциациянын негизги документи болгон Стратегиялык планды жазуунун эрежелер, методикасы менен тааныштырып, катышуучулар топтордо иштешти. Тренингдин жыйынтыгында Стратегиялык планды иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзүлдү жана катышуучуларга сертификат берилди.







# Билим берүү программасына арналган бешинчи окуу сессиясы

2023-жылдын 29-мартында Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын президенти О.Т.Станбаев "Медициналык айым иши" багыты боюнча бакалаврларды даярдоочу Билим берүү программасына арналган 5-окуу сессиясына катышты. Сессия И.К.Ахунбаев атындагы КММАда өттү.





# Кыргызстандагы медициналык колледждердин окутуучуларына жаш балдардын өнүгүүсүнүн артта калышын жана кыйынчылыктарын аныктоо боюнча курс уюштурулду

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин 09.10.2015-жылдагы №585 “Башкы медициналык-санитардык жардамдын деңгээлинде дени сак баланын абалына мониторинг жүргүзүү жөнүндө” буйругун аткаруу жана жаш балдардын өнүгүүсүнүн артта калышын жана кыйынчылыктарын эрте аныктоо жана андан ары окуу пландарына киргизүү максатында окутуучулардын академиялык мобилдүүлүгүнүн алкагында медициналык колледждердин клиникалык дисциплиналар циклындагы окутуучулар үчүн онлайн курс уюштурулду. Онлайн курс 2023-жылдын 28-февралынан 2-мартына чейин Бишкек медициналык колледжинин окуу-методикалык борбору тарабынан өткөрүлдү.

**Курстун темалары:**

1. «Баланын эрте өнүгүүсүнө мониторинг жүргүзүү»
2. "Үйгө зыярат"
3. «Балдарды эмдөө».

Лектор: Балдарды эрте өнүктүрүү боюнча улуттук тренер, БМКнин «Педиатрия» циклинин окутуучусу Давлеталиева Ф.У.

# Кыргызстандын билим берүү системасын реформалоонун багыттары боюнча форум өттү

2023-жылдын 6-апрелинде Кыргызстандын билим берүү системасын реформалоонун багыттары боюнча форум өттү. Анда министрлер кабинетинин башчысы Акылбек Жапаров жана билим берүү министри Каныбек Иманалиев сөз сүйлөштү. Билим берүү тармагын реформалоо тууралуу маалыматтар айтылды. Аталган форумга Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын Бишкек шаары жана Чүй облусу боюнча координатору Ч.С.Усубалиева жана медициналык колледждердин директорлору катышышты.





# Медайымдарды окутууда практиканын ролу

2023-жылдын 27-март күнү Бишкек шаарында "Медайымдарды окутууда практиканын ролу" аталышында тегерек стол өткөрүлдү. Тегерек столдун катышуучулары “Медайымдар иши” адистиги боюнча эксперименталдык программаны талкуулап, Кыргызстанда медайымдык билим берүүнү өнүктүрүүнүн келечегин белгилешти. Тегерек столдун катышуучулары медайымдарды клиникалык насаатчы катары тартуу чараларын талкуулашты. Ошондой эле клиникалык насаатчыларды даярдоо жана насаатчылык үчүн кредиттик сааттарды алуу механизмдери, медайымдар үчүн үстөк акылар жана жүктөмдүн ченемдери каралды.






# Медайымдарды окутууда практиканын ролу

Тегерек столдун жүрүшүндө маанилүү маселе – прикладдык жана академиялык бакалаврдын, ошондой эле потенциалдуу провайдер катары жогорку колледждин концепциясын демилгелөө жана жайылтуу талкууланды.



Иш-чарага Крнын Саламаттык сактоо министрлигинин, КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү, пилоттук медициналык колледждердин, саламаттыкты сактоо уюмдарынын жана кесиптик билим берүү уюмдарынын жетекчилери жана кызматкерлери катышты.



# "Медицина кызматкерлеринин инсандар аралык коммуникация көндүмдөрү" жана "Медицина кызматкерлери үчүн клиникалык насаатчылык" программалары боюнча окутуу семинарлары өткөрүлдү.

Медицина кызматкерлеринин потенциалын чыңдоо жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-2030-жылдарга калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттыкты сактоо системасын өнүктүрүү боюнча “Дени сак адам – өнүккөн өлкө” программасын ишке ашыруу максатында "Медицина кызматкерлеринин инсандар аралык коммуникация көндүмдөрү" жана "Медицина кызматкерлери үчүн клиникалык насаатчылык" программалары боюнча окутуу семинарлар өткөрүлдү. Семинарларга практикалык саламаттык сактоонун медицина кызматкерлери катышты.






# Казахстан Республикасынын Атырау жогорку медициналык колледжинин 75 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференция

2023-жыл 5-майда Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын төрагасы Казахстан Республикасына иш сапары менен барып, Атырау жогорку медициналык колледжинин 75 жылдыгына арналган ***«Медайымдык иштин өнүгүүсү: мүмкүнчүлүктөрү, көйгөйлөрү, келечеги»*** деген темада эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышты.

Казакстандын «Медициналык колледждер союзу» ассоциациясынын төрайымы Б.Н.Рузденова менен Кыргызстандагы медициналык колледждердин ассоциациясынын төрагасы О.Т.Станбаев кызматташуу боюнча меморандумга кол коюшту. Россиянын, Казахстандын, Өзбекстандын бир нече жогорку медициналык колледждердин директорлору менен меморандумдар түзүлүп, Кызгызстандагы медициналык колледждер менен өз ара кызматташуу боюнча мерчемдер белгиленди.

# Орто кесиптик билим берүү мекемелериндеги сапатты башкаруу системасы боюнча семинар

2023-жылдын 12-13-майында Бишкек шаарында орто кесиптик билим берүү мекемелериндеги сапат менеджменти системасы боюнча семинар болуп өттү. Тренерлер – Таштобаева Бурул жана Нуруева Жаңыл – сапат менеджмент системасы жаатындагы эксперттер. Семинардын максаты орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү мекемелеринде сапат менеджмент системасын иштеп чыгуунун жана ишке ашыруунун механизмдерин жана жол-жоболорун талкуулоо болду. Семинардын жүрүшүндө катышуучулар Сапат менеджмент системасын практикалык колдонууну, иш-чараларды пландаштырууну жана документтештирүү процесстерин өздөштүрүштү. Экинчи күн орто кесиптик билим берүү мекемелериндеги иш-чараларды пландаштырууга арналды.





# “Медициналык айым иши” адистиги боюнча эксперименталдык программаны ишке ашырууда билим берүү программасын усулдук камсыздоо

**2023-жылдын 15-16-май күндөрү ОшМУнун медициналык колледжинин жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин окутуучуларына тренер Абдукаримова Айгуль Ахматовна семинар-тренинг өттү. Семинар орто кесиптик билим берүүдөгү “Медициналык айым иши” адистиги боюнча эксперименталдык программаны ишке ашырууда билим берүү программасын усулдук камсыздоонун инновациялык формаларын калыптандыруу максатында “Окутуу жана тарбиялоонун көрсөткүчү катары Силлабустун жана окуу-методикалык комплекстин сапаты” жана “Студенттин өз алдынча иши жана компетенттүүлүккө негизделген педагогикалык технологиялар” темаларында өткөрүлдү. Семинардын жүрүшүндө катышуучулар Силлабусту иштеп чыгуу жана студенттердин өз алдынча иштерин түзүүдө усулдук камсыздоонун инновациялык формаларын үйрөнүштү.**







# "Илим менен билимди ааламдаштыруу жана интернационалдаштыруу" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция

2023-жылдын 26-май күнү КМКАнын төрагасы О.Т.Станбаев Жалал-Абад шаарындагы К.Ш.Токтомаматов атындагы эл аралык университеттин 30 жылдык жана анын негиздөөчүсү э.и.д., профессор, РМА академиги Канторо Шарипович Токтомаматовдун 75 жылдык юбилейине арналган "IV Токтомаматовдун окуулары" илимий иш чарасынын алкагында "Илим менен билимди ааламдаштыруу жана интернационалдаштыруу" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференцияга катышты. Конференциянын жүрүшүндө О.Т.Станбаев "Ааламдашуу жана санариптештирүү доорундагы заманбап медицина: ата мекендик жана чет элдик тажрыйба" аталышындагы 8-секцияга төрагалык кылып, актуалдуу илимий макалалардын жеңүүчүлөрүн сыйлоо аземинде сыйлыктарды тапшырды.





# Швейцариялык долбоорлорго мониторинг сапары

2023-жылдын 31-май, 1-июнь күндөрү Швейцариянын Кыргыз Республикасындагы Элчилигинин SDC программасынын улук координатору Э.А.Мураталиева "Швейцариялык долбоорлорго мониторинг" сапарынын алкагында ОшМУнун медициналык колледжине жана Өзгөн эл аралык медициналык колледжине иш сапар менен келди. Иш сапардын максаты "Медициналык айым иши" адистигинин пилоттук экспериметалдык программа боюнча мониторинг жүргүзүү. Иш сапардын жүрүшүндө колледждердин окутуучулук курамы менен жолугуп, экспериментaлдык программа жөнүндө окутуучулардын ой-пикирлерин укту. Андан соң практика өтүп жаткан студентер жана клиникалык насаатчылар менен клиникалык базаларда жолугуп, алар менен учурдагы жана алдыдагы актуалдуу проблемалар жөнүндө баарлашты.












# Адистиктердин окуу пландарын түзүү боюнча жумушчу топ

023 жылдын 5-июнь күнү Бишкек шаарында Бишкек медициналык колледжинин базасында Саламаттык сактоо министрлигинин [*29.05.2023 **№639** буйругу*] менен түзүлгөн жумушчу топ Мамлекеттик стандарттарга өзгөртүү киргизүү менен кредиттик технологиянын жобосунун негизинде 2023-2024-жаңы окуу жылына адистиктердин окуу пландарын түзүү боюнча жыйыны болду.









# Эксперименталдык колледждердин окутуучулары үчүн семинар

2023-жылдын 16-30-июнь күндөрү пилоттук эксперименталдык колледждердин окутуучулары үчүн семинар уюшурулду. Семинарды "Career devoloment" окуу борборунун тренерлери э.и.к., доцент А.А. Абдукаримова, Храмцова Н.В. Семинарлар төмөндөгү актуалдуу темалар боюнча өткөрүлдү:

- "Окутуунун кредиттик технологиялары;
- «Окуу процессин уюштуруунун кредиттик-модульдук системасы – талап убакыт";
- «Орто кесиптик адистиктер боюнча окуу планынын сапаты билим берүү колледждин бүтүрүүчүсүнүн сапаттык моделинин көрсөткүчү катары”.

Семинардын жыйнтыгында окутуучуларга квалификацияны жогорулатуусун тастыктаган сертификат тапшырылды.





# Акушердик билим берүү стандарттарын баалоо жана иш-аракеттер планын иштеп чыгуу боюнча техникалык кеңешме

2023-жылы 11 октябрда КРнын Саламаттык сактоо министрлигинин, кесиптик ассоциациялардын, практикалык саламаттыкты сактоонун, медициналык колледждердин катышуусунда акушердик билим берүүнүн стандарттарын баалоо боюнча техникалык кеңешме болуп өттү. Кеңешме Крнын Өкмөтүнүн калктын саламаттыгын сактоо жана саламаттыкты сактоо системасынын 2019-2030-жылдарга «Дени сак адам - өнүккөн өлкө» өнүктүрүү программасын ишке ашыруунун алкагында жана акушер-гинекологдордун кесиптик сапаттарын жана даярдоо сапатын жогорулатуу максатында өткөрүлдү. Акушердик билим берүүнүн стандарттарынын тегерегиндеги актуалдуу маселелер талкууланды, европалык стандарттарга ылайык сапатты жогорулатуу боюнча ачык-айкын максаттар жана милдеттер белгиленген. Кеңешмеде КМКАнын трагасы Ө.Т.Станбаев “Дипломго чейики деңгээлде акушерлерди даярдоо” темасында доклад жасады.





# РАХМАТ